2.1. Электрондук журнал жана электрондук күндөлүк аркылуу ата-энелерди окуу процессинин жүрүшү жана мазмуну, окуучулардын катышуу жана жетишүүсү боюнча маалымат берүү.

2.2. Электрондук журнал жана электрондук күндөлүк төмөнкү милдеттерди аткаруу максатында колдонулат:

- Электрондук форматта окуучунун жетишүү боюнча маалымат алууга;
- Маалымат ресурстарынын бирдиктүү инфраструктурасын түзүү;
- Окуу процессинин бардык мүчөлөрү үчүн маалымат алуу шартын түзүү;
- Окуучунун жетишүүсү жана катышуусу боюнча маалымат топтоо, сактоо;
- Администрация жана мугалимдер үчүн автоматтык түрдө отчетторду түзүү;
- Ата-энелер үчүн системалуу жана өз учурунда окуучунун жетишүүсү жана сабакка катышуусу боюнча маалымат берүү;
- Ата-энелердин баласынын сабакка катышуусу жана сабактардын жетишүүсү боюнча көзөмөлдөөсүнө шарт түзүү;

3. Электрондук журнал жана электрондук күндөлүктү колдонуу ирети жана эрежелери.

3.1. Электрондук күндолүктү колдонуу ирети жана эрежелери:

- Электрондук күндөлүк төмөндөгүдөй маалыматтарды камтыйт
- Сабактардын жүгүртмөсү;
- Сабактарда берилген тапшырмалар;
- Кунүмдүк сабактарда алган баалары, чейректик баалар;
- Сабакка катышуусу боюнча маалымат;
- Ата-энелер электрондук күндөлүктү көрүү үчүн жана жекече маалымат алуу үчүн колдонушат;
- Ата-энелер электрондук күндолүктү колдонуу үчүн реквизиттерди класс жетекчилерден алышат;

3.2. Электрондук журналды колдонуу ирети жана эрежелери:

- Мектеп администрациясы элнектрондук журнал менен иштөө үчүн программалык чөйрө түзүп берет;
- Окуучулардын жетишүүсүн толтуруу боюнча электрондук журналга кирүү реквизиттерин мектеп администрациясынан алышат;
- класс жетекчилер, окуучулар жана ата-энелер жөнүндө маалыматтын туура толтурулушун көзөмөлдөп турушат;
- предметтик мугалимдер так жана туура тематикалык планды, окуучулардын жетишүүсүн, сабактарга катышуусун толтуруп турушат
- окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары электрондук журналдын толтурулушун, жетишүү, катышуусун текшерип турат. Текшерүү иштер боюнча отчетторду түзүп турат.

4. Жоопкерчиликтүү жактардын укутары жана милдеттери

4.1. Укуктары:

- Колдонуучулар электрондук журналга ар дайым кире алат;
- Бардык колдонуучулар электрондук журналдагы жетишүү боюнча өз уурунда кеңеш ала алат;
- Класс жетекчилер электрондук журналдагы жетишүү баалары боюнча ата-энелерге маалымат бере алат;
- Жободо көрсөтүлгөн милдеттерди аткарбаган учурда мектеп администрациясы тартип чараларын көрө алат.